**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ – ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 09.16.534**

**Кол жазма укугунда**

УДК: 37.012(575.2) (043.3)

**ТУРАТБЕК КЫЗЫ ЖАЗГУЛ**

# БИЛИМ БЕРҮҮ ФЕНОМЕНИ СОЦИАЛДЫК МОБИЛДҮҮЛҮКТҮН ФАКТОРУ

**09.00.11 – социалдык философия**

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферат**ы

**Бишкек-2017**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор
**Тогусаков Осмон Асанкулович**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Шарипова Эркайым Козуевна**

философия илимдеринин кандидаты, доцент
**Мусаева Нургул Кусейиновна**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы.
720026, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Разаков көчөсү 51.

Диссертациялык иш 2017-жылдын “26” майында саат 12.00.дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк “Манас” университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот. ( 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.).

Автореферат 2017-жылдын “25” апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Н.С.Акматова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Билим берүү коомдун жашоо-турмушун жана өнүгүүсүн, адамзаттын тарыхый-коомдук ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүн аныктоочу негизги жана зарыл социалдык чөйрө болуп эсептелет. Билим берүү социалдык институт катары ишмердүүлүктө, өзүнүн башкы максаты болгон социалдаштырууну калыптандырууну камсыздайт. Коомдук зор мааниге ээ болгон, ата-бабалардан калып, "турмуш элегинен" өтүп топтолгон тажрыйбаны кийинки муундарга өткөрүп берүү менен бирге билим берүү коомдун курамынын, анын өзгөчөлүгүн жана өз алдынчалуулугун ар бир конкреттүү саясий системалык түзүлүштө сакталып калуусуна шарт түзөт. Ошондой эле, билим берүү индивиддердин жана социалдык топтордун карым-катнашын тескеп туруучу жолдордун системасын пайда кылат. Демек, негизинен билим берүү инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу факторлордун бири болуп саналат.

Бүгүнкү коом түзүлүшүнүн татаалдыгы жана өз ара мамилелердин көп кырдуулугу менен айырмаланат. Ошондуктан, билим берүүгө социалдык кубулуштардын, процесстердин адекватуу жолдорун иштеп чыгууну камсыз кылуучу роль таандык болгон. Билим берүү коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүн камтып жана алардын өзөгүнө терең сүңгүп кирүү менен анын өнүгүүсүнүн негизги багыттарын чагылдырып, келечекте жалпы адамзаттык баалуулуктарды сактап калуусу кокусунан эмес. Себеби, улуттун сакталып калышы жана анын коопсуздугу дал ошол билим берүүнүн ырааттуу чечилишинен көз каранды.

Бүгүнкү коом өзүнүн социоэкономикалык, саясий, маданий ж.б. структуралык түзүлүштөрүндө болуп жаткан түп-тамырынан берки өзгөрүүлөрдү башынан кечирүүдө. Бул өзгөрүүлөр коомдук болмуштун (общественное бытие) өзгөчө чөйрөсүнүн (маалыматтык чөйрө) пайда болуусу менен байланыштуу. Өндүрүшкө, маалыматты иштеп чыгуу жана аны колдонууга негизделген коомго карата учурдагы илимий адабияттарда ар түрдүү түшүнүктөр колдонулат. Мисалы: «маалыматтык коом» (информационное общество) же «билимдер коому» (общество знания). Мындай коомдо илим менен билим өзгөчө роль ойнойт, анткени алар адамдардын жашоосунун өнүгүүсүн жана атаандаштык жөндөмүн гана камсыз кылбастан, бүгүнкү күндө билим менен маалымат эң негизги социалдык ресурстардан болуп калды. Ушундан улам социомаданий трансформациянын натыйжасында коомдун түзүлүшү өзгөрүүгө учурап, инсандын мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары эсептелген билим берүүгө болгон муктаждык алда-канча күчөдү.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, коомдо, өзгөчө билим берүүдө болуп жаткан модернизациялык процесстер жетишээрлик деңгээлде кылдат жана карама-каршы мүнөзгө ээ. Себеби биринчиден, коомдун

социоэкономикалык, социомаданий өнүгүшү үчүн билим берүүгө эң негизги мааниге ээ болгон талаптар улам көбөйүүдө. Экинчиден, билим берүү институтунун инсандын коомго аралашуусундагы реалдуу процесстеринен четтетилиши, коомдук аң-сезимдеги жеке баалуулугунун кескин төмөндөшү, мамлекет тарабынан жетишээрлик деңгээлде каржылык жана шарт менен камсыздалбагандыгы анын жашоо-турмушун бир кыйла оор абалга алып келүүдө.

Демек, учурдагы билим берүү институтунун абалын, анын социалдык функцияларын изилдөө оор жана көп кырдуу маселелерден болуп эсептелет. Билим берүү, социалдык көйгөй катары, негизинен түздөн – түз социология жана педагогика илимдеринин алкагында жүзөгө ашырылып келет. Себеби социология - билим берүүнүн коомдук мүнөздөгү аткарган кызматтарын изилдесе, билим берүү социологияда коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун бири катары каралат. Педагогикада болсо билимди, тарыхый топтолгон тажрыйбаны ж.б. муундан-муунга өткөрүп берүүчү процесстин жыйынтыктары катары караса, конкреттүү илимдер болсо өздөрүнүн предметтеринин өзгөчөлүктөрүнүн негизинде билим берүүнүн маңызын жана анын социалдык ролун аныкташат. Белгилей кетүүчү нерсе, бул маселе көпчүлүк учурларда жеке илимдердин методологиясынын алкагында изилденип, билим берүүнүн фундаменталдык негиздерин түшүнүүнү жана аны терең изилдөөнү камсыз кыла албайт.

Натыйжада мындай кадамдар биздин тема боюнча алынган илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгын жетишээрлик деңгээлде жалпылоого мүмкүндүк бере алышпайт. Демек, заманбап талабына ылайык адамдын социалдык жактан өзгөрүүсүнүнүн негизги критерийи болгон билим берүү маселеси социофилософиялык рефлексияны талап кылууда. Демек, билим берүү коомдук жашоонун бардык чөйрөсүнө сүңгүп кирип, анын өсүп-өнүгүүлөрү аталган каражаттардан көз каранды экенин далилдейт. Билим берүү маселесине жасалган социофилософиялык анализ коомдун учурдагы жана келечектеги өнүгүүсү үчүн стратегиялык мааниге ээ деп түшүнсөк болот. Анткени, Кыргызстандын келечектеги туруктуу (устойчивое) өсүп-өнүгүү багыттары дал ушул маселенин туура чечилиши менен тыгыз байланыштуу.

Билим берүү феноменинин социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуучу маанисин аныктоо, инсандын учурдагы жана келечектеги активдүүлүгүнө, коомдук өнүгүүлөрдүн тенденцияларына тийгизген таасирин оптимизациялоодо билимдин дараметин, мүнөзүн баалоого жана тактоого мүмкүнчүлүк түзөт. Биз, жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен азыркы мезгилдеги адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактору катары каралган билим берүүнүн маңызына, мүмкүнчүлүктөрүнө жана маанисине социалдык-философиялык анализ жүргүзүү бүгүнкү күнү өзгөчө актуалдуулука ээ десек болот.

**Диссертациянын темасынын илимий программа жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп билим берүү социомаданий кубулуш катары эсептелет. Изилдөөнүн **предмети** катары азыркы коомдогу инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздоочу фактору билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн (формалары-түрлөрү) анализдөө саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн **максаты** болуп бүгүнкү күндүн коомдук түзүлүшүндөгү адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизи катары каралуучу билим берүүгө соицалдык - философиялык рефлексия эсептелет.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

- социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн ордун аныктоо;
- “социалдык мобилдүүлүк”, “билим берүү” түшүнүгүнүн маңыз-мазмунун ачуу;
- билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин ачып көрсөтүү;
- социалдык мобилдүүлүктүү камсыз кылуудагы билим берүү менен шартталган объективдүү жана субъективдүү факторлорго илимий мүнөздөмө берүү;
- бүгүнкү күндөгү социумдун мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн жогорулаткан теориялык жана практикалык шарттардын комплексин аныктоо;
- дайыма динамикалык процессте турган коомдо өзүнүн жашоосун шарттаган билим берүүгө алгачкы концептуалдык-методологиялык ой жүгүртүүнүн зарылчылыгын көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары талдоого алуу маселесинин муктаждык катары аныктоо эсептелет.

Илимий жаңылыктын конкреттүү элементтерине төмөндөгүлөрдү киргизсек болот:

- билим берүү феномениннин жеке концептуалдуу негизин, анын коомдук маани-маңызын ачып берүү аракети көрүлүп, социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду аныкталды;
- социофилософиялык концепцияларды анализдөөнүн натыйжасында инсандын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири катары билим берүү системасы экендигин далилдөө;
- социогуманитардык илимдердин контекстинде колдонулуучу категориялардан болуп эсептелген билим берүүнүн социалдык

мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы анын трансформацияланышы жана өзгөчөлүгү көрсөтүлдү;

-инсандын социалдык мейкиндиктеги орун которууларын камсыз кылган максаттуу билим берүүнүн субъективдүү жана объективдүү факторлору аныкталды;

-заманбап коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негизде мүнөздөлдү.

**Изилдөөнүн алынган жыйынтыктарынын практикалык мааниси** изилдөөнүн материалдары коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары каралуучу билим берүү феномени маселеси боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, мамлекеттик башкаруу, социалдык философия ж.б. предметтер боюнча ЖОЖдо лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулуусунда турат. Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүдө, билим берүү программаларынын жана улуттар аралык процесстердин концепцияларын иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Ар бир конкреттүү коомдук түзүлүштө социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуучу диалектикалык байланышта болгон факторлордун бүтүн системасы көрүнүктүү орунда турат. Ошол эле учурда коомдун өнүгүүсүнүн этаптарында айрым факторлор коомдук мейкиндиктеги адамдын социалдык абалынын өзгөрүүсүнө үстөмдүк кылышат. Социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылууда билим берүү процесси факторлордун системасынын өзөгүн түзүп, коомдогу жашоо-турмуштун максаттарын, милдеттери менен баалуулуктарын аныктайт.

2. Коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылуучу билим берүүнүн маңызы анын социалдык функцияларынын жыйындысы менен мүнөздөлөт. Анткени, билим берүү адамдын жеке инсандык сыпаттарынын алкагында анын социалдык мейкиндиктеги тынымсыз кыймыл-аракетин камсыз кылып турат. Тактап айтканда, билим берүүнүн мазмуну, «билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү» аттуу түшүнүктүн алкагында кеңири ачылып берилет.

3. Коомдук өндүрүмдүүлүктү, өнүгүүнүн функцияларын ишке ашыруучу жана жеке милдеттерди конкреттештирүүчү социалдык институт катары билим берүү бир жагынан адамдын акыл-эсинин деңгээлинин өнүгүүсүнүн, өркүндөөсүнүн негизинде пайда болуучу, анын жаңы образын, кесиптик компетенттүүлүгүн, о.э. аларды шөкөттөгөн социалдык жана руханий маанилүү сапаттарынын калыптанышын ишке ашыруучу процесс катары кызмат аткарат. Экинчи жагынан, ал инсандын социалдык мобилдүүлүгүнүн негизги фактору болуп саналат.

4. Билим берүүгө социалдык орун которуу процессиндеги объективдүү жана субъективдүү шарттардын жыйындысы таасирин тийгизет. Обьективдүү шарттар социалдык мобилдүүлүктүн жүзөгө

ашырылышындагы негиз болуп саналат. Анткени, коомдук мобилдүүлүк белгилүү бир мамлекеттик түзүлүштө, социоэкономикалык жана социомаданий өзгөчөлүгү бар конкреттүү коомдо жүзөгө ашат. Илимий деңгээлде иштелип чыккан билим берүү системасынын шарттары жыйынтыгында социалдык мобилдүүлүк процессинин объективдүү курамын түзүшөт. Ал эми субъективдүү кызыкчылыктардын, жөндөмдүүлүктөрдүн, талаптардын системасынын, факторлордун комплекси социалдык мобилдүүлүктүн маңыздуу жактарын калыптандырат. Себеби, адамдын коомдук өнүттөгү сапаттары, тагыраак айтканда анын билим деңгээли жана компетенттүүлүгү, инсандын социалдык мейкиндиктеги эффективдүү кыймылынын бири болуп саналат.

5. Билим берүүнүн коомго болгон мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү алгач теориялык деңгээлде иштелип чыккан. Анын мындай мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуусу теориялык шарттарда, ал маселенин концептуалдык-методологиялык негиздерин тактоодо пайда болот. Ал эми, практикалык шарттардын комплекси учурдагы коомдук түзүлүштөгү билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметин оптимизациялоочу ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга багытталган. Билим берүүнүн маңыздуу негиздерин түшүнүү, ага шайкеш иш-аракеттерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Диссертациянын жарык көргөн бардык эмгектери, коргоого сунушталуучу жоболору, жеке автор тарабынан аткарылды жана иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан Эл аралык жана илимий - практикалык илимий конференцияларда апробацияланган. Алар: Проблемы и перспективы развития семьи и форм брачных отношений в современном обществе. // КГУСТА им. Н.Исанова. - Бишкек, 2011; Формирование позновательной активности будущих учителей средствами медиатехнологий. // Международная летняя научная школа. - Астана, 2015г; Азыркы коомчулуктагы инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздандыруудагы билим берүү. // КНУ им.Ж.Баласагына. - Бишкек, 2016.

Диссертация Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика, философиянын тарыхы бөлүмдөрүндө талкууланып, Институттун Окумуштуулар кенешинин чечими менен коргоого сунушталган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**. Диссертациянын негизги жоболору, корутундулары жана натыйжалары КР ЖАКтын сунуш кылынып жарык көргөн 11 илимий басылмаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, беш параграфты камтыган эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максаты менен милдеттерин толук чагылдырат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети, объектиси, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теориалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

«**Проблеманы изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи”** аттуу диссертациянын биринчи бапында социалдык мобилдүүлүктүн манызын жана методологиялык негиздерин ачып берүү аракети көрүлөт.

Биринчи баптын **«Билим берүү - социалдык мобилдүүлүктү камсыздандыруу системасында”** деп аталган биринчи параграфында индивиддин коомдук орун которууларына таасирин тийгизген билим берүүгө байланыштуу маселелер философиянын тарыхындагы көйгөйлөрдөн болуп саналаары айтылат. Билим берүү маселесине, анын социалдык сапаттардын пайда болушуна жана өнүгүүсүнө, о.э. инсандын коомдогу абалына, анын өзгөрүшүнө тийгизген таасирине байыркы чыгыш жана антикалык доордун ойчулдары да кайрылышкан.

Коомдук мобилдүүлүктүн фактору болгон билим берүүнүн проблемаларын изилдөөдө олуттуу мааниге К.Маркс менен Ф.Энгельстин тарыхты материалистик түшүнүүнү иштеп чыгуулары жана адамды коомдук мамилелердин жыйындысы катары чечмелөөсү ээ болгон. Философия өзүнө руханий каражатты түшүндүрүүнү эле эмес, дүйнөнү өзгөртүүнү да камтып тураарына терең ынануу менен пайда болгон капиталистик коомдун негиздерин өзгөртүүгө багытталган конкреттүү практикалык иш-аракеттерди жөнгө салган. [Маркс, К. Сочинения Т. 2: В 50 т. / К. Маркс, Ф. Энгельс. - М.: Политиздат, 1955.- 652с.]

Адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуудагы билим берүүнүн ролу туурасындагы маселени иштеп чыгуудагы маанилүү бир этаптын бири П.А.Сорокиндин окуусу эсептелип, ал гуманитардык билимдерге “социалдык стратификация” жана “коомдук мобилдүүлүк” категориясын киргизген. Коомдук мобилдүүлүк - бул индивиддин же социалдык объектин (баалуулуктары) б.а. бир социалдык өңүттөн экинчисине болгон жана адамзат ишмердүүлүгү тараптан модификацияланган же түзүлгөн нерселер. Билим берүү анын пикиринде, бардык коомдогу индивид үчүн кыйла жогорку социалдык статуска ээ болуу мүмкүнчүлүгүн дайыма берип келген. Автор заманбап социумдагы коомдук мобилдүүлүк жолдорунун системасындагы билим берүүнүн ордун бекемдөөсүн белгилеп, билим берүүчүлүк жана кесипкөйлүк агымдары менен адамдардын бөлүштүрүүсүнүн, жайгаштыруусунун жардамы аркасында жүзөгө ашырылган коомдогу билим берүүнүн тестирлөөчү, селекциялоочу же бөлүштүрүүчү функцияларын бөлүп көрсөткөн, ал албетте коомдук

топтордун өндүрүмдүүлүгүнө таасирин тийгизген. Андан сырткары, П.А.Сорокин коомдук мобилдүүлүктүн принциптерин кылдат иштеп чыгууга, о.э. анын адамдын жүрүм-турумуна жана психикасына тийгизген таасирин кароо менен билим берүүнүн аркасында жүзөгө ашырылган обьективдүү жана субьективдүү шарттар маселесине да токтолуп кеткен.

Социологиянын өз алдынча илимий теория болуп шөкөттөлүшүнүн натыйжасында адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылган билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн социологиялык жактан түшүндүрүү зарылчылыгы пайда болгон. Андыктан изилдөөнүн предмети болуп социалдык институт катары кызмат кылган билим берүү жана анын коомдогу орду саналат. XX-кылымдагы Батыш философиясы өткөн мурасына таянып, адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуудагы билим берүүнүн ролуна байланышкан бир катар маселелерди чечүүдөгү жаңы ыкмаларды пайда кылган. Г.Гегелдин жолун улай М.Шелер билим берүүнү адамдын жеке болмушунун калыптануу процесси катары аныктаган. Ойчул билимдердин үч формасын бөлүп көрсөткөн: куткаруучу, билим берүүчүлүк, практикалык жана алардын ар бири белгилүү бир максаттарга ээ болгондугун далилдеген. Андан тышкары билимдердин бир формасынын экинчисине, мисалы, практикалык билимдердин билим берүүчүлүккө мүмкүн болгон жолдорунун пайда болуусун баса көрсөткөн. Билим берүүчүлүк жана тажрыйбалык формаларын алуу жана колдонуу максаттарын аныктап М.Шелер сунуш кылган билимдердин формасы адамдын социалдык орун которууларынын факторлору катары анын функцияланнуусун аныктаган шарттар иретинде чечмелениши толук ыктымал.

Адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуудагы билим берүүнүн ролу тууралындагы социофилософиялык түшүнүүлөрдүн өнүгүүсүнө Т.Веблен олуттуу салымын кошуп, жогорку билимди салыштырмалуу “бекерчилер табы” деп атап алардын өндүрүштүк эмес ишмердүүлүгүн, (алсак, башкаруу, аскер иши, дин, спорт, көңүл ачуулар менен алектенишкен) коомдун жогорку катмары катары түшүнгөн. Ойчул жогорку таптын, анын маданиятынын өндүрүмдүүлүгүн жетишээрлик деңгээлде жөнгө салуучу гуманитардык билим берүүнү бөлүп көрсөткөн. Ошону менен бирге изилдөөчүнүн «…гуманитардык билим берүү билимдүү адамдардын заманбап муунунун экономикалык эффективдүүлүгүн төмөндөтүүгө алып келет, андыктан социоэкономикалык жактан пайдалуу жана кирешелүү болуп, «пайдасыз» билимдерди, мисалы, байыркы тилдерди үйрөнүү ишин жөнгө салуудагы четке кагуу таасирин калтырат». [Веблен, Т. Теория праздного класса / Т. Веблен. — М.: Прогресс, 1984. - 367 с.]. Заманбап коомдогу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө карабастан, анын пикиринде ал көңүл ачуу, жогорку таптын өкүлдөрүнүн өндүрүмдүүлүгүнүн пайда болуусунун зарыл шарты бойдон кала берет.

XX-кылымдын экинчи жарымындагы америкалык социологдор Э.Тоффлердин, Д.Беллдин, Т.Стюарттын ж.б. эмгектеринде постиндустриалдык коом (маалыматтык, супериндустриалдык жана

билимдер коому ж.б.) концепциясы кеңири өнүгүүгө ээ болуп, андагы маанилүү орунду билим берүү, интеллектуалдык эмгек  жана алардын коомдук түзүлүштүн калыптануусуна жана функцияланышуусуна тийгизген таасири ээлеген. Э.Тоффлер өзүнүн постиндустриалдык  концепциясында үчүнчү толкундагы коомдун калыптануусуна алып келген саясий жана социоэкономикалык структуралардагы өзгөрүүлөрдү анализге алган. Анын пикиринде, аталган өзгөрүүлөр билим берүүнүн маанисин жогорулатып, саясаттагы, экономикадагы, коомдук чөйрөдөгү адамдын абалы анын билим алган - кесиптик статусунан түздөн-түз көз каранды болуп эсептелет дейт. Билим берүүнүн маңызын чечмелөөдөгү мындай ыкманын маанилүү өзгөчөлүгү болуп адамдын таза инсандык, ички, рухий жетишкендиги дэңгээли туурасындагы элестөө эсептелет. Ал эми эгерде Кыргызстандык философия илиминде билим берүүдө адамдын горизонталдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуудагы анын  ролуна маани берилсе, Батыш билим берүү философиясында  вертикалдуу айдыңдагы адамдын орун которуусуна таасирин тийгизген маселени иштеп чыгууга көңүл бурулуп, дүйнө көз караштык,баалуулук көрсөтмөлөрдөгү айырмачылыктар менен байланыштуу. Алсак, кыргызстандык философиялык рефлексия аталган процессте салттуу түрдө рухий баалуулуктарга багытталган.

Билим берүүнүн  социофилософиялык чечмелеништери социомаданий феномен катары эки негиз боюнча классификацияланат. Биринчиси, коомду элитага жана массага бөлүштүрүү теориясына, о.э. жактоочулары билим берүүнүн ролун жана коомдук мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы анын мүмкүнчүлүктөрүн ар башкача аныкташкан элитаризм жана эгалитаризм социалдык окууларына таянышат. Алсак, элитаристик теориялар билимди тандалып алынгандарга тиешелүү катары түшүнүшкөн. Анын үстүнө тандалып алынган деп коомдун интеллектуалдык элитасын айтса болот (Дж.Локк, Ф.Ницше, М.Хайдеггер, Дж.Дьюи, Т.Веблен ж.б.). Мындай ыкманын жактоочулары, коомдун өнүгүүсүнүн бирден-бир олуттуу критерийлеринен болгон,  андагы максаттуу өндүрүлгөн элитанын болушун эсептешкен. Эгалитаристик концепциялар билим берүүнүн баалуулуктарына бардык адамдардын бирдей жетишине, о.э. өзүнүн коомдук абалын өзгөртүү үчүн билим берүүчүлүк дараметин пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө басым жасашкан (Платон, Аристотель, Т.Мор, Т.Кампанелла, К.Маркс, В.И.Ленин ж.б.).

Экинчи классификация билим берүүнүн маңызы туурасындагы ар кыл элестөөлөрдү чагылдырат. Алсак, биринчи ыкмада  билим берүүнүн коомдук маңызына болгон басым жана алар аркылуу жүзөгө ашырылган социалдык функциялар, о.э. билим берүүнү коомдун борбордук түзүүчүсү катары берүүгө далалат кылуусу мүнөздүү. Мындай элестөөлөргө ылайык билим берүү коомдун өнүгүүсүндөгү борбордук чекит болуп калса, ал эми билимдер менен маалыматтар болсо алдыңкы коомдук ресурс жана адамзат капиталынын негиздери статусуна ээ болушат. Аталган көз карашты прагматикалык ыкманын жактоочулары карманышып, ага маалыматтык

коомдун ар кыл теорияларынын корпусу ылайык келет. Экинчи ыкмада билим берүүнү жогорку деңгээлге алып чыгуусуна жана ага болмуштагы адамдын өздүк көрүнүү мүнөзүн берүүдө турат. Мындай ыкма билим берүүнүн баштапкы индивидуалдуу маңызын таанып билет, ал эми анын социалдык маңызы экинчи катары аныкталат. Билим берүүнүн маңызы туурасындагы аталган элестөөнүн жактоочуларынын ичинен философиялык антропологиянын өкүлдөрүн, б.а. билим философиясынын алкагындагы билим берүүнүн концепциясын иштеп чыгуучуларды белгилеп кетсек болот.

Демек, билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүн жүзөгө ашырууда тийгизген таасири социофилософиялык анализдин бирден-бир маанилүү объектисинен болуп эсептелет. Аны изилдөө көп кылымдык салттарга ээ болуп, билим берүүнүн феноменинин жеке концептуалдуу негизин, анын социалдык маани-маңызын ачып берүүгө далалат кылуусу менен байланыштуу.

**“Социалдык мобилдүүлүктүн маңызы”** деп аталган экинчи параграфта азыркы учурдагы социогуманитардык илимдерде мурунтан келе жаткан коомдук жашоонун чөйрөлөрүнүн системасында билим берүүнүн өзгөчө абалына терең маани-маңыз берилгендиги туурасында кеп болот. Билим берүү чөйрөсү коомдун дээрлик бардык тармактарына өз таасирин тийгизет. Коомдук системадагы билим берүүнүн мындай спецификалык абалы бир жагынан, коомдун бардык чөйрөлөрү бири-бири менен тыгыз байланышта болуусу менен түшүндүрүлүп, коом өзүнө бүтүн бир организмди камтып турса, экинчи жагынан, азыркы коомдо билим берүү социумдун башка чөйрөлөрүнө ушунчалык тереңдеп кирип жаткандыгын коомдук өнүгүүдөгү билим берүүнүн олуттуулугунун күчөшү менен байланыштырсак болот. Алсак, мисалы, азыркы мезгилдерде билим берүүнүн экономикасы өнүгүп көрсөтүүгө, ал эми өзү товарга айланып бара жатат. Адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн маанилүү фактору катары билим берүү өз багытын бекемдей баштады.

Социалдык мобилдүүлүк – ичине көптөгөн факторлорду камтыган шартталган процесс. Социалдык мобилдүүлүк феноменин ар тараптан изилдөө менен анын экономикалык, саясий жана кесиптик үч негизги түрүнө олуттуу басым жасап, коомдук мобилдүүлүктүн функцияланышуусун – чиркөөнү, армияны, мектепти, өкмөттүк топторду, саясий уюмдарды жана партияларды, кесиптик мекемелерди жана о.э. материалдык баалуулуктар, үй-бүлө өндүрүшүндөгү уюмдарды камсыз кылган жолдору бөлүп көрсөтүлгөн. Белгилей кетүүчү нерсе, коомдук мобилдүүлүктүн жолдоруна азыркы күндө илим, билим, байланыштар, адамдын жашоо образы, дүйнө көз караштык багыттары сыяктуу коомдук көрүнүштөр кошулду. Кудум эле коомдук мобилдүүлүктүн башка факторлору сыяктуу билим берүү да социомаданий функцияларды аткарып, адамдын вертикалдык жана горизонталдык жайгашуусуна таасирин тийгизип, анын коомдук өзгөрүүсүнө жана өнүгүшүнө кызмат кылат. Комдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасынын функцияланышуусу белгилүү бир коомдун,

анын спецификасынын өнүгүү баскычынан көз каранды. Андыктан коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасы социумдун өнүгүү мүнөзүнө жараша татаалданып, ага жараша ылайыкташып турат.

Өнүгүүнүн динамикалуулугунун жогорку деңгээли мүнөздүү болгон азыркы коомдо билим берүү адамды мектепке чейинки билим берүүдөн баштап, формалдуу билим берүүнүн алкагында ЖОЖдон кийинки экинчи жогорку билим алууга, квалификациясын мүмкүн болгон бардык курстар менен жогорулатууга, эрте балалык кезде стихиялуу түрдө үй - бүлөөдөн берилген билимден тарта формалдуу эмес билимдер алкагындагы жеткилең курактагы өздүк билимге чейинки мезгилди коштоп жүрөт. Демек азыркы замандын адамында дайыма билим алып туруу зарылчылыгы пайда болуп, ал өмүрүнүн аягына чейин уланат. Анын өзү - динамикалуу өнүккөн, өзгөрүп турууучу социумга кирүүнүн бирден-бир башкы шарты болуп эсептелет. Аталган кырдаал азыркы күндөгү билим берүүнүн татаал коомдук табиятын көрсөтүп, анын социалдык функцияларынын жүзөгө ашырылуу спецификасын чагылдырат.

Адамдын коомдук мобилдүүлүк жолдорунун системасындагы билим берүүнүн ордун аныктоо үчүн аталган системанын маанилүү компоненттерин анализге алуу максаттуу иштерден болуп саналат. Бир жагынан, билим берүүнүн бирдиктүү иш-аракетинин мүнөзүн, экинчи жагынан, коомдук мобилдүүлүктүн башка факторлорун аныктоо билим берүүнүн аталган факторлорунун системасынын функцияланышуусунда аткарган ролун ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

Саясий ишмердүүлүк менен алектенүү, саясатка аралашуу – адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн маанилүү фактору. Анткени бүгүнкү күнү саясат анын социоэкономикалык жана рухий түзүүчүсүнө олуттуу таасирин тийгизген коомдук жашоонун эң кубаттуу чөйрөсү болуп эсептелет. Белгилей кетүүчү нерсе, саясат түздөн-түз идеология менен байланыштуу, саясатка катышуунун натыйжасында - коомдун идеологиялык негиздерине туура келүүсү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн эң эффективдүү жолу.

Батыш ойчулдарынын пикиринде, индустриалдык коомдон постиндустриалдык баскычка өтүү мезгилинде экономикалык статус адамдын социалдык статусун аныктоо өңүтүндө өзүнүн доминанттык дараметин жоготуп, коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылган экономикалык ишмердүүлүктүн дарамети төмөндөйт. Коом тууралсындагы илимдерде салыштырмалуу түрдө жетишээрлик изилденбеген адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жаңы факторунан болуп илимий ишмердүүлүк эсептелет. Илим адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн фактору катары заманбап социумда улам жогорулоо менен постиндустриалдык катары мүнөздөлгөн азыркы коомдун өнүгүү деңгээлинен түздөн-түз объективдүү көз карандылыкта турат. Илим чындыка жетүү жана реалдуулуктун объективдүү мыйзамдарын ачуу максатына ээ болгон табият, коом жана таанымдын өзү тууралсындагы билимдерди жаратууга багытталган адамдын рухий ишмердүүлүгүнүн өзгөчө чөйрөсүн өзүнө камтып турат.

Азыркы коомдогу илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк зарыл жана туруктуу социомаданий салт катары таанылат, ансыз коомдун адекваттуу пайда болуусу жана өнүгүүсү эч мүмкүн эмес.

Билим берүү менен түздөн-түз байланышкан заманбап коомдогу социалдык мобилдүүлүктүн эң кеңири тараган, жеткиликтүү жолу - бул кесип өздөштүрүү. Кесип, илимий ишмердүүлүк сыяктуу эле кесиптик ишмердүүлүктүн чөйрөсү катары каралып, алынган билимден, анын деңгээлинен жана мүнөзүнөн көз каранды болгон адамдын мобилдүүлүгүнүн факторлору болуп эсептелишет. Формалдуу билимдин таралуусу, андан кийинки социалдашуунун туруктуулугу адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүн активдүү кесиптештирүүгө алып келди. Армияда кызмат өтөө, саясий ишкердик жана диний ишмердүүлүк азыркы мезгилде кесиптик чөйрөлөрдөн болуп эсептелет. Коомдук мобилдүүлүктүн жолу катары кесиптин тигил же бул түрүнүн мүмкүнчүлүктөрү андагы коомдук муктаждыктан көз каранды. Тигил же бул топтогу адистерди даярдоо коомдун муктаждыктары социумдун институцияланган чөйрөсү иретинде түзүлүүсүнүн буйуртмасы катары кызмат кылып, алар окуп-үйрөнүүнүн ар кыл формаларынын жана түрлөрүнүн системасы аркылуу актуалдуу муктаждыктарды канаттандырууга аракет кылышат. Кесип эки тараптуу шайкештик нуска катары кызмат кылат, ал эми анын жардамы аркасында биз адамдарга баа бере алабыз. Адам жашоосу белгилүү бир чечүүчү маалыматты – кирешени, статусту, тилдик жөндөмдүүлүктөрдү, ыктымалдуу кызыкчылыктарды, коомдук байланыштарды ж.б. камтып турат. Жогоруда айтылгандарга ылайык кесип – бул болгону билим берүүнүн зарыл натыйжасы деп айтууга болот.

Демек, биз сөз кылгандардан билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуудагы иштиктүү факторлор системасында спецификалык абалды ээлеп турат деген жыйынтыкты чыгарууга болот. Андыктан аталган системадагы билим берүүнүн функцияланышуусу татаал коомдук жана жекелик тескөөчүлүк процессти элестетүү менен табигый, органикалык түрдө жүзөгө ашырылат.

**“Билим берүү феномени инсандын социалдык стабилдүүлүгүнүн детерминанты катары”-** деген экинчи бапта социалдык мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы билим берүүнүн тийгизген таасири, инсандын социалдык маданий мобилдүүлүгүндөгү билим берүүнүн объективдүү жана субъективдүү шарттары ж.б. каралат.

Экинчи баптын “**Социалдык мобилдүүлүктү ишке ашыруудагы билим берүүнүн таасири”** аттуу биринчи параграфында билим берүү социогуманитардык илимдердин дискурсунда көбүрөөк колдонулуучу негизги категориялардан болуп эсептелери айтылат. Билим берүү - бул социомаданий тажрыйбанын чөйрөсүн, тармактык системасын жана атайын уюштурулган процессти, ишмердүүлүктүн белгилүү бир натыйжасын туюндурган көп маанилүү түшүнүк. Акыркы мезгилдерде «билим берүүчүлүк кызмат», «билим берүүчүлүк кызматтарды колдонуучу» ж.б.у.с.

түшүнүктөрдү пайдалануу менен билимди кызмат көрсөтүүчү катары эсептеп жүрүшөт. «Билим берүү» түшүнүгүнүн дагы бир мааниси -адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн бир фактору катары түшүнүү менен байланыштуу. Билим берүүнүн маңызы коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кыйла татаал жана көп кырдуу келет, бирок аны ачып берүү адамдын өзгөрүүсүн камсыз кылуудагы билимдин мүмкүнчүлүктөрүн ары так аныктоого шарт түзүп берет.

Социалдык мобилдүүлүк – бул факторлорду топтоонун жардамы аркасында жүзөгө ашырылган жеке адамдын, коомдук мейкиндиктеги социалдык топтун орун которуусун мүнөздөгөн процесс жана анын функцияланышуусун камсыз кылат. «Социалдык мобилдүүлүк» категориясы, жогоруда айтылгандай П.А.Сорокин тарабынан киргизилип, батыш социалдык философиясында жана социологиясында кенен колдонулуп келет. Жергиликтүү социогуманитардык дискурста, анын ичинде советтик мезгилде индивиддин бир социалдык топтон экинчисине өтүү фактысын белгилөө үчүн көпчүлүк учурларда «социалдык орун которуу» («социальные перемещения») түшүнүгү колдонулган. Коом тууралсындагы заманбап ата-мекендик илимдер, анын ичинде социалдык философия «коомдук мобилдүүлүк» жана «социалдык орун которуулар» категорияларын синонимдер катары колдонушат.

Билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин көрсөтүү, анын институтташтырылган формасынын функцияланышуусунда ачык байкалат. Билим берүү персоналга, башкаруу аппаратына жана өзгөчө процедураларга таянган статустар менен ролдордун, коомдук нормалардын, уюмдардын (мекемелердин, ишканалардын, университеттердин, академиялардын, институттардын, фирмалардын ж.б.у.с.) жыйындысын камтыган коомдук институт катары каралат. Баардык башка институттар сыяктуу эле билим берүү белгилүү бир коомдук функцияларды аткарат. А.Ж.Кусжанова билимдин эки маңыздык функциясын бөлүп көрсөтөт. Биринчи функция – мурастык же коомдук-кайра өндүрүүчүлүк, ал билим берүү «коомдук типти» кайра өндүрүүсүнөн көрүнөт, б.а. конкреттүү коомду анын сапаттык өзгөчөлүгүндөгү жана конкреттүү-социалдык өздүк болмушундагы коомдук бүтүндүк катары сактоосун кайра жаратып, камсыз кылат. Билим берүү жаңы муунга коомдук-уюмдук турмуштун ыкмаларын таратып, жаңы алып жүрүүчүлөргө конкреттүү коомдун социалдык белгилерин өткөрүп берет. Ал ар бир конкреттүү коомдун социалдык мобилдүүлүк факторлорунун системасын жана коомдук курамын кайра жаратып, адамдын өздүк аныкталуусу жана шайкештиги үчүн шарттарды түзүп берип, адамдын коомдук реалдуулука тереңдеп кирүүсүн (социалдашуусун) камсыз кылат. Экинчи функция – өнүгүүчү жана ыңгайлашуучу - өзгөрмөлүү болуп коомдук субъектеги инновацияларга болгон өнүгүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыраарынан байкалат. Аталган функциянын жардамы аркасында тажрыйбанын базасында социотарыхый тажрыйба өнүгүп, коомдук өнүгүү

алып келет. Аталган функция коомдук системанын олуттуу кайра курууларына эле эмес, жеке адамдын жашоосунун татаал мезгилдериндеги коомдук субъектке, анын дараметине кайра кайрылат. Алсак, биринчи учурда адамзат дарамети коомдун өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү катары кызмат кылса, ал эми экинчи учурда болсо адамга кыйын турмуштук кырдаал менен алпурушканга мүмкүндүк берет.

Азыркы күндөрдө билим берүүнүн коомдук-кайра өндүрүүчүлүк зыяны өнүгүүчү функцияга болгон иш-аракети менен жүзөгө ашырууда. Коомдун кайра өндүрүүчүлүк функциясынын адамдын өнүгүү функциясынан ажыратылышы билимдин маани-маанызындагы социалдуулукту сактоо, кайра өндүрүү механизми катары алсыратууга, терс мүнөзгө ээ болгон натыйжаларга алып келүүгө жөндөмдүү. Андан тышкары коомдогу билим берүүнүн ролун утилитардык-прагматикалык көз караштa кароо, билимдин ылайыктуу методдорун жана маңызын киргизүү билимдин процесси менен натыйжасында чагылдырылбай койгон эмес. Бирден-бир көрүнүшү катары адамдын рухий өнүгүүсүнө эмес, билим берүү системасын өткөрүп берүүгө болгон багыттуулук эсептелген азыркы күндүн билиминдеги кризис жана адамдагы инструменталдык баалуулуктарга болгон багытты түзүү, калыптанган инсанды деградацияга алып келет.

Кыргызстандын билим берүү системасындагы кризис кенири кулачын жайууда, бул жалпы эле бүткүл коомдук системанын кризиси менен байланыштуу. Билим берүүдөгү кризис баарынан мурда, төмөнкүлөрдө байкалат: биринчиден, билим берүүнүн салттуу системасы «Дүйнө - Адам» аттуу эскирген парадигманын негизинде функцияланышат, анда адам аларга баш ийип, объект, продукт, каражат, объективдүү реалдуулуктун өнүгүүсүнүн фактору катары каралат; экинчиден, технократиялык, прагматикалык максаттуу багыты менен азыркы күндүн билим берүүсү адамды адис катары эле эмес, баарынан мурда, курчап турган реалдуулука кирүүгө жөндөмдүү, жоопкерчиликтүү, эркин рухий инсан катары да калыптандырууга жөндөмсүз болуп калат; үчүнчүдөн, заманбап билим берүү адамдан тышкары жайгашкан объективдүү дүйнөнү таанып билүү приоритеттүүлүгүнө багытталган. Эгерде адамдын өзү изилдене турган болсо, анда ал баарынан мурда, коом менен табияттын бир бөлүгү катары түшүндүрүлөт. Андан кыйла төмөнүрөөк деңгээлде адамдын жеке, кайталангыс сапаттары, анын ички психологиялык дүйнөсү, жаны, руху изилденет. Билим берүү адамды анча деле олуттуу эмес ченемде өзүнүн жеке «Мен», экзистенциясына, жашоо маңызына жана дүйнөдөгү ээлеген ордуна жетүүгө үйрөтөт.

Демек, билим берүүнүн эки жактуу маңызы, карама-каршы милдети коом менен адамды коомдук реалдуулукту (сактоо) кайра өндүрүүгө жана социалдык аныктуулукту (өнүгүү) жаңылоого даярдоосунда турат. Билим берүүнүн башка берилген, анализденген коомдук функциялары - анын маңыздык функцияларына берилген кандайдыр-бир маалымат (редукция). Формалдуу билим берүү системасынын белгилүү бир деңгээлдеринде

индивиддерди билим берүүчүлүк агымдар боюнча (түрлөргө, багыттарга, билим берүүчүлүк адистиктерге даярдоо) ажыратуу жүзөгө ашырылат. Коомдо билим берүүнүн элитардык жана эгалитардык функциялары кыйла спецификалуу түрдө ачык байкалат. Алар өзүнө таптакыр карама-каршы максаттарды, социалдуулукту колдоо кызматын аткарган бири-бирин толуктап туруучу функциялардын үлгүсүн камтып турат. Билим берүүнүн элитардык функциясы окуу жайлар коомдун келечектеги экономикалык, саясий жана маданий элитасынын “инкубатору” болуп калуусунан байкалат.

Экинчи баптын “**Инсандын социомаданий мобилдүүлүгүндөгү билим берүүнүн объективдүү жана субъективдүү шарттары”** – деп аталган экинчи параграфында билим берүүнүн мобилдүүлүк дарамети объективдүү жана субъективдүү мүнөзгө ээ болуп, факторлордун бүтүн системасынын таасири алдында жүзөгө ашырылат. Объективдүү шарттар - бул адамдын аң-сезими менен эркинен көз каранды болбогон факторлор. Аларга субъекттин каалоосунан жана мүмкүнчүлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө билим берүүнүн мобилдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жүзөгө ашырылуусуна таасирин тийгизген шарттар таандык. Андыктан коом адамга карата объективдүү реалдуулук болуп эсептелет, билим берүүнүн объективдүү шарттарына адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн фактору катары социум тарабынан жаратылган шарттар тийиштүү. Субъективдүү шарттар – бул адамдардын аң-сезиминен, жеке кызыкчылыгынан эрктеринен көз каранды болгон факторлор. Бул билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметине таасирин тийгизип адам тарабынан түзүлгөн шарттар. Философиялык рефлексия индивиддердин функцияланышуусунун объективдүү жана субъективдүү бирге пайда болуусун таанууга таянуу менен коомдук кыймылдуулук процессинин түпкүрүндөгү негиздерин ачып берүүгө шарт түзөт.

Бар нерсенин пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн объективдүү шарттары – бул адамдын «бул жерде жана азыр» абалына объективдүү таасирин тийгизген факторлордун системасы. Мындай факторлордун системасынын пайда болуусу – коомдук зарылдык, анда адам эрки менен каалоосунан көз карандысыз түрдө баш ийүүсү абзел. Адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн мүнөзүн аныктаган объективдүү шарттарды кароодо адамдын индивидуалдуу жана коомдук жашоосунун табигый шартталуусу туурасындагы И.Канттын ой жүгүртүүсү олуттуу кызыгууну туудурат. Анын пикири боюнча, табият – бардык адамзат кыйынчылыктарынын, көрө албастыктардын, атак-даңкка умтулуучулуктун, ээлик жана үстөмдүк кылуунун булагы. Бирок ал адамдар ортосундагы конфликттик кырдаалдарды атайылап түзөт, же «…ансыз адамдын табияттык керемет шык-жөндөмү түбөлүккө өнүкпөй калмак». [ Кант, И. Идея всеобщей истории во всемирно-гражданском плане / И. Кант // Антология мировой философии. В 4-х т. Т. 3. Буржуазная философия конца XVIII в. - первых двух третей XIX в. - М.: Мысль, 1969.-С. 187-193.]. Ойчул табигый күчтөрдү багындыруунун бир гана жолун көргөн – кыйынчылыктардан акыл-эстүүлүк

менен кутулуунун каражатын табуу үчүн ишке баш-оту менен киришип, өзүн ишмердүүлүктө көрсөтүү болгон. Ошону менен бирге билим берүү адамзат маңызынын көрүнүүсүнүн ыкмасы, адамды табияттан бөлүүнүн жолу. Билим берүү – бул адамдын коомдогу өзүн көрсөтүү ыкмасы жана мүмкүнчүлүктөрү менен жөндөмдүүлүктөрү тууралы жарыялоо.

Байыркы антикалык коомдордо билим берүү мамлекетке баш ийген чөйрө статусуна ээ болгон, андыктан ошондо эле мамлекеттик түзүлүштүн туруктуулугуна болгон терең таасири айтылган. Анда билим берүүнү институтташтыруу, анын коомдук функцияларынын калыптануу процесси башталган. Аристотель «Саясатта»: «…тарбия ар бир мамлекеттик түзүлүшкө ылайык келүүсү зарыл, ар бир мамлекеттик түзүлүшкө таандык болгон мүнөздү башынан баштап эле сактап калууга аракет кылат». Мамлекет тарабынын жүргүзүлгөн билим берүүчүлүк саясат максаттарды, принциптерди, баскычтарды орнотуп, мазмун менен форманы иштеп чыгып, билим берүү системасынын каржылоосун жүзөгө ашырып, коомдук буйуртманы калыптандырат. К.Ясперс мамлекетте массалык тартиптин бардык  узака созулган тарбиянын формасын, өзгөчө жаштардын кепилдиги тууралы акыл калчаган. Ал мамлекетке тийиштүү эки мүмкүнчүлүктү караган. Биринчиси тарбия менен билим берүү иштеринде толук эркиндик берүүсүндө турса, экинчисинде мамлекет байкатпай, мажбурлоо жолу менен өз кызыкчылыктарында колдонуу менен ага толук ээ болот.

Азыркы коом тууралындагы илимдерде кыйла кеңири тараган көз караштардан болуп, коомдук баскыч менен жогору карай жылуу кээ бир учурларда гана  адамдардын аң-сезимдүү иш-аракеттеринен көз каранды болуп, чечүүчү маанини берсе, обьективдүү факторлор, баарынан мурда – экономикалык өнүгүүгө ээ болот. Адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн мүнөзүн аныктаган обьективдүү факторлордон болуп үй-бүлөлүк көрсөтмөлөр менен баалуулуктар эсептелишет. Билим берүүдөгү коомдук катмарлашууну изилдөө менен  Б.Аманалиев, А.Карыпкулов, Н.Асипова Ү.Асановалар үй-бүлө мүчөлөрүнүн билим берүүчүлүк мансаптарын детерминациялашкан, анын курамы ата-энелердин өз балдарынын окууга жана билим берүүчүлүк пландарына болгон баалуулук мамилелеринин коом тарабынан  шартталгандыгы  балдардын кесиптик келечегине олуттуу таасирин тийгизет деп белгилешет. Заманбап философиядагы психоаналитикалык багыттын өкүлдөрү К.Юнг менен Э.Фромм ата-энелердин (өзгөчө энелердин) балдардын дүйнө көз карашынын калыптануусуна, алардын социалдуулугуна жана индивидуалдуулугуна тийгизген чоң таасирин баса белгилешкен.

Билим берүү системасынын гендердик өзгөчөлүктөрү жана кесипке ээ болуу адамдын коомдук мобилдүүлүгүнө, жада калса, азыркы коомдо, өзгөчө анын ар түрдүүлүгүнө да өз таасирин тийгизет. Адамдын гендердик социалдашуусунун натыйжасында анын жынысына ылайык келген социомаданий нормалары, ролдору, коомдогу жүрүм-турумдарынын моделдери калыптанып, мектеп билим берүүсүнүн мазмунунда

чагылдырылат. Кесиптик билим берүүнүн структурасында таза «эркектик» жана «айымдык» кесиптер бөлүнүп көрсөтүлөт. Эгерде салттуу түрдө «эркектик» кесипке кара күч эмгек менен байланышкан кесиптер таандык боло турган болсо, анда «айымдык» кесипке болсо негизинен дарыгердик, мугалимдик кесиптер таандык. Бирок буга карабастан – куруучу, юрист, дарыгер, мугалим же башка кесиптин өкүлдөрү болобу жооптуу жетектөөчү кызматтарды эркектер ээлеп отурушат. Акыркы он жылдыкта айымдар эркектер сыяктуу эле билим алууда жана мансап курууда мотивдүү болуп калышты. Ошону менен бирге, «…70-жылдары талап кылган айымдардын кесипке болгон интеграциясы коом үчүн борбордук деп эсептелип, тигил же бул топ чоң бийлике ээ болгон жерлерде айымдар аздык кылып, кайра кайтуучулук иеархиядагы «катмардык-жыныстык мыйзам ченемдүүлүктү» көктүк менен ээрчийт же тескерисинче ошол эле топ канчалык «периферийлүү» болсо, аталган чөйрөдөгү айымдардын кызматка ээ болуу ыктымалдуулугу ошончо жогору болот. Бул туурасында баардык чөйрөлөр - саясат, экономика, жогорку мектеп, ММКы ж.б.у.с. маалымат берип турат». Андыктан, билим берүү системасынын гендердик өзгөчөлүктөрү, жалпы эле коом түз же кыйыр түрүндө окуунун, кесиптин, мансап куруунун багыттарын тандоого таасирин тийгизишет жана адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн фактору катары билимдин объективдүү өбөлгөлөрү болуп эсептелишет.

Демек, билим берүү менен детерминацияланган коомдук жайгашуулардын жүзөгө ашырылуусуна объективдүү жана субъективдүү шарттар таасирин тийгизет. Объективдүү шарттар коомдук мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы негиз катары каралат. Алсак, билим берүү менен шартталган коомдук мобилдүүлүк конкреттүү коомдо белгилүү мамлекеттик түзүлүш, социоэкономикалык жана маданий түр менен болуп, жыйынтыгында коомдук мобилдүүлүктү камсыз кылуучу объективдүү түзүүчүнү пайда кылат.

Экинчи баптын **“Заманбап социалдык мобилдүүлүктү камсыздандыруудагы билим берүүнүн ролу”** деген аталыштагы үчүнчү параграфында коомдун пайда болуусундагы азыркы мезгил ааламдашуучулук өзгөрүүлөрдүн доору катары мүнөздөлөт. Аталган феноменди изилдөөгө арналган изденүүлөрдө аталган доор постиндустриалдык (Д.Белл), супериндустриалдык же маалыматтык (Э.Тоффлер) жана билимдер (Е.Масуда) коомунун калыптануусунун мезгили деп аталат. Заманбап социофилософиялык эмгекткрде билимдер коомунун концепциясы көп колдонулат. «Билимдер коому» түшүнүгү «маалыматтык коом» түшүнүгүнө шайкеш келбейт, андыктан маалыматтык коом – бул билимдер коомунун функционалдык бөлүгү. «Билимдер коому» конструкциясы өзүнө кайра түзүүлөрдүн социомаданий, экономикалык, саясий ж.б. аспектилерин камтып турат. Билим берүү заманбап коомдун сактоосунун, кайра өндүрүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн куралы болуп эсептелет. Алсак, Кыргызстандын «билим берүүнүн 2020-жылга чейинки өнүгүү

концепциясында» коомдун жашоо-турмушундагы маалымат менен билимдин ролунун жогорулоосу, маалымат, билим базарынын түзүлүүсү жана жаратылыш ресурстарынын, эмгек менен капиталдын, коомдун маалыматтык ресурстарынын реалдуу социоэкономикалык өнүгүүнүн ресурстарына айланып, аларга кошулуусу таанылып билинет. Кыргызстандын маалыматтык коомго багытталган жолундагы бирден-бир стратегиялык багыттардын бири катары билим берүүнүн бардык системасынын маалыматташуусу, квалификациянын, кесипкөйлүктүн жана адам дараметинин маанилүү мүнөздөмөсү катары чыгармачылыка болгон жөндөмдүүлүктөрдүн ролунун жогорулоосу эсептелет. Аталган маселелерди чечүү жаш муундарга кадыр-барктуу жана кыйла жогорку айлык-маяна төлөнүүчү жумушка ээ болууга, өзүнүн жеке маданий келбетин калыптандырууга, бош убакытты өткөрүүгө, максималдуу түрдө жеке жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүүдө, өзүн жашоого жана XXI-кылымдагы маалыматтык дүйнөдөгү иштерге даярдоодо чоң жардам берүүсү зарыл. Кыргызстандагы маалыматташтыруу концепциясы коомдун өнүгүүсүнүн динамикасын детерминациялаган, инновациялык дараметти калыптандырууга багытталган билимдин өнүккөн функциясынын приоритетин ачык жана так көрсөтүп берет.

Заманбап билим берүү чөйрөсүндө бара жаткан процесстер менен көрүнүштөр билимдин макулдашылган маңыздык функцияларын чагылдырышат: интенсивдүү модернизациялык процесстер өнүккөн функцияны актуалдаштырып, анын жардамы аркасында билим адамдын инновацияларга жана өнүгүүгө болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандырат. Анын жүзөгө ашырылуусу социалдык-кайра өндүрүүчүлүк функцияга зыян келтирүү менен анын жардамы аркасында социалдык реалдуулук сакталат. Азыркы күндөгү билим берүүнүн башкы маселеси, бир жагынан, ал коомдук талаптардын өзгөрүлгөн мүнөзүнө ылайык келбейт, ал эми экинчи жагынан, кандай коомдук реалдуулукту кайра өндүрүү зарыл экендигин түшүнбөйт. Башкача айтканда, билим берүү коомдук реалдуулука туура эмес багытталган. Аталган кырдаал менен бирге заманбап билим берүүнүн алдында жаңы милдеттер турат. Мисалы, коом билим берүүдөн маалыматтык чөйрөнү функциялаштырууну жана алардын андан аркы кайра өндүрүүчүлүгүн камсыз кылуучу жаңы коомдук топторду калыптандыруу функциясын аткарууну талап кылат.

Кандай болгон күндө да мамлекет, коом жана илим бир пикирде болушуп, билим берүү өзүнө коомдун эң маанилүү чөйрөсүн камтып турат, андыктан ал «…коомдун башка институттарынан айырмаланып перманенттүү түрдө жандуу ишмердүүлүк күчтөрдү жана индивиддин жөндөмдүүлүктөрүн кайра өндүрүүгө жөндөмдүү келип, аларды эч качан токтобогон коомдук тажрыйба жана тааным процесси менен сугарат. Билим берүүнүн өзү гана башкы коомдук байлыкты – чыгармачыл инсанды өстүрүүнү жана сактоону камсыз кыла алат». [Асанова У. Философия образования. – Бишкек: Илим, 2001.- 216с.].

Билимдер коомунун калыптануусундагы шарттардын негизинде, билимдин алдына коюлган жаңы милдеттерди чечүү, билим берүүчүлүк проблематикага болгон жогорку ынтаалыкта, билимдин маңыздык функцияларынын бирдиктүү иш-аракеттеринин спецификасында билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулоо шарттарын белгилөөгө болот.

Билим берүүнүн маңызына болгон концептуалдуу ыкмалардын, билим берүүчүлүк саясаттын жана тажрыйбалардын концепцияларынын көп түрдүүлүгү ар кыл деңгээлде жүргөн билим берүүнүн ээлеген орду жана ролу тууралуу талаш-тартыштарды жаратат. Билим берүүнүн проблемаларын саясатчылар, педагогдор, социологдор ар тараптан талкуулашууда, алардын талаш-тартыштарынын предмети – бул коомдун жашоосундагы кыйла түшүнүктүү көрүнүштөрдүн бири билим берүү. Бирок ушул учурда пайда болгон билим берүүнүн ар кыл концепцияларынын жеке концептуалдык негизге дал келбөөчүлүгү билим берүү маселелерин философиялык анализге алуу зарылчылыгын жаратат. Ошол себептен билим берүү маселелеринин жеке концептуалдык - методологиялык негиздеринин баштапкы бөлүнүүсү, андан кийин билим берүү менен байланышкан коомдук тажрыйбанын негизги багыттарын, мүнөзүн аныктоо зарыл. Алардын катарына билимдер коомундагы билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулатуу маселелерин да киргизсек болот.

Билим берүү маселесине арналган изилдөөчүлүк адабияттарда олуттуу орунда билимдин маңыздык жана коомдук функцияларын аныктоодогу карама-каршы ыкмалар турат. Алсак, педагогика билим берүүнү, өздөштүрүүлөрдү жана жөндөмдүүлүктөрдү өткөрүп берүү катары аныктаса, социология билимди баарынан мурда индивиддерди социалдаштыруу негизги милдетин аркалаган коомдук институт катары карайт. Албетте, аталган ыкмалар тигил же бул илимий ыкманын алкагында туура деп эсептелип, коом менен мамлекеттин билим берүүнүн өнүгүү багыттарындагы тандоо шарттарындагы пикир келишпестиктер ойлонтпой койбойт. Модернизацияланган коомдун билим берүүсүндөгү процесстер бири-бири менен тил табыша алышпай, көп карама-каршылыктарга барышат. Мисалы, Кыргызстандагы илим, билим берүү чөйрөсүн улуттун өнүгүүсүнүн эң маанилүү ресурсу катары каралуусу, алардын начар каржылануусу, окутуучунун кадыр-баркынын жоголуусу жана коомдук пикирдин көз алдындагы билим берүүнүн баалуулугунун төмөндөөсүнөн улам пайда болот.

Демек, билим берүүнүн жеке концептуалдык негиздерин түзүү философиянын ресурстарын эске алууну талап кылат. Социофилософия билим берүү феноменин, анын маңыздык сапаттарында, жүзөгө ашырылган касиеттериндеги бүтүндүгүнө жана жыйындысына ой жүгүртөт. Билим берүүнүн маңызын социумдук реалдуулукту кайра өндүрүүнүн куралы катары аныктоодо коомдук мобилдүүлүктүн фактору иретинде анын маңызы жыйынтыкталат. Коомдук мамилелерди сактоо механизминин кызматын

аткаруу менен билим жүзөгө ашырылган функциялардын жардамы менен коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасын кайра өндүрүп, социалдык олуттуу тажрыйбаны өткөрүп берүү, адамдын зарыл коомдук сапаттарын калыптандырууну камсыз кылат. Андан сырткары социофилософиялык анализ «сабаттуулук», «билимдүүлүк» жана «кесиптик компетенттүүлүк» концепцияларынын маңыздык маанисин түшүнүүгө шарт түзөт. Аталган түшүнүктөр билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн тажрыйбасынын натыйжасын чагылдырып, коомдук-тарыхый контексте каралуусу абзел. Конкреттүү илимдер тарабынан бөлүнүп көрсөтүлгөн аталган түшүнүктөр эки маңыздык, конкреттештирилген подфункцияларда каралат: социалдуулуктун жана анын өнүгүүсүнүн кайра өндүрүүчүлүгүн камсыз кылуу. Мисалы, билим берүүнүн социалдык-дифференциялык функциясы объективдүү зарылчылыктардан, жаңы коомдук катмарлардан чыгуу менен социалдык топторду сактоону камсыз кылат. Билим берүүнүн маңыздык функцияларынын балансы коомдук мобилдүүлүктү камсыз кылып, коомдун элитасына таланттуулардын жана жөндөмдүүлөрдүн агылып келүүсүн, индивиддерди эмгекти бөлүштүрүү, кызмат ордун ээлөө структурасындагы жайгаштыруусун жөнгө салат. Демек, билим берүүнү жана анын коомдук функцияларын социофилософиялык түшүнүүнүн спецификасы анын объективдүүлүгүндө жана универсалдуулугунда турат десек болот.

**Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн төмөнкүдөй жыйынтыктары алынды:**

1. Билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары социофилософиялык анализдин маанилүү обьектилеринин бири болуп эсептелет. Социалдык философияда билим берүүнүн коомдук жана индивидуалдык жыргалчылык статусу орун алып, ага болгон жеткиликтүүлүк адамдын комдогу абалынан көз каранды болот. Адамдын бир коомдук катмардан экинчисине трансформацияланганда билим берүүнү эске алуу зарылчылыгы келип чыгат, себеби анын маңызы, фундаменталдык коомдук функциялары изилденет.

2. Билим берүүнүн бардык философиялык чечмеленүүлөрүн социомаданий феномен катары эки негиз боюнча классификациялоого болот. Биринчи классификациянын негизинде коомду элиталарга жана массага бөлүштүрүү теориясын жактоочулары билим берүүнүн ролун жана социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы мүмкүнчүлүктөрүн ар башкача аныкташкан. Алсак, элитаристик теориялар билим берүүнү тандалып алынган өзгөчөлүктөр катары түшүнүүдөн келип чыгат. Эгалитаристик концепциялар билим берүүнүн баалуулуктарын бардык адамдарга жеткиликтүү кылуусуна таянат. Демек, өзүнүн коомдук абалын өзгөртүү үчүн билим берүүчүлүк дараметин пайдалануу мүмкүнчүлүгү болот. Экинчи классификация билим берүүнүн маңызы туурасындагы ар

кыл социофилософиялык элестөөлөрдү чагылдырып турат. Алсак, биринчи ыкмага коомдук функциялар аркылуу жүзөгө ашырылган билим берүүнүн социалдык маңызына басым жасоо, аны коомдун борбордук түзүүчү курамы катары элестетүү аракети мүнөздүү. Ушундай элестөөгө ылайык билим берүү коомдун өнүгүүсүндөгү негизги жөнөтүүчү булак болуп, билимдер менен маалымат алдыңкы коомдук ресурстарынын, адамзат капиталынын негиздеринин статусуна ээ болушат. Аталган көз карашты прагматикалык ыкманын жактоочулары карманышып, ага маалыматтык коомдун ар кыл теорияларынын багыты ылайык келет. Экинчи ыкма билим берүүнү жогорку деңгээлге алып чыгууда жана ага адамдын болмуштагы өздүк көрүнүү мүнөзүн берүүдө көрүнөт. Билим берүүнүн маңызы туурасындагы аталган элестөөлөрдүн жактоочуларынын арасында философиялык антропологиянын өкүлдөрүн, билим берүү философиясынын алкагындагы билим берүү концепциясынын иштеп чыгуучуларынын бир бөлүгүн белгилеп кетсек болот.

3. Билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасында өзгөчө орунга ээ. Ал өзүнөн өзү эле пайда боло калбайт, коомдук жашоонун бардык катмарларына сүңгүп кирип, коомдук жана индивидуалдык болмуш менен дал келишет. Көз карандысыз аймак болуу менен бирге билим берүү коомдун ар бир катмарына кирүүсүнө өбөлгөлөрдү түзөт. Билим берүү коомдук реалдуулуктун кайра өндүрүүчүлүк процессине органикалык кошулушу аны коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасын ( өзгөчө азыркы коомдогу) функциялаштыруу катары анын маанисин шарттап турат. Саясат, бизнес, илим ж.б.у.с. коомдук көрүнүштөрдүн негизинде туруу менен ал адамдын билимдеринин, индивидуалдуу-инсандык мүнөздөмөлөрүнүн, дүйнө көз караштарынын комплексин берет. Башкача айтканда коомдук мүнөздөгү мындай тип коомдук мамилелердин ылайыктуу түрлөрүн кайра өндүрүүсүн камсыз кылат. Адамдын социумдагы коомдук мобилдүүлүгүнүн жолу катары кызмат кылган ар бир коомдук институттун же көрүнүштүн алкагында пайдалануусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берип, бир баскычка жогору көтөрүлүүсүнө мүмкүндүк берет.

4. Коом канчалык татаал болсо, адамдын кыйла жогорку коомдук абалына болгон жолунда билим берүүчүлүктө кемчиликтер күтүп турат. Өзгөчө мааниге окутуунун бирден-бир маанилүү натыйжалары – билимдер эсептелет, алардын жардамы аркасында пайда болуучу туурасындагы адамдын бүтүн элестөөлөрүнүн калыптануусу болуп өтөт. Билим берүү мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы дараметин күчөткөн спецификалык сапаттарга ээ болуп, коомдук мобилдүүлүктүн башка факторлорунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүп бермекчи. Мындай сапаттардын катарына анын идеалдуулугу, ажырагыстыгы, демократиялуулугу, ийкемдүүлүгү таандык болот. Билим берүү азыркы коомдо салттуу жалпы таанылган мамлекеттик башкаруу менен байлык

коомдук ресурстарына карата да таасирлүү социалдык ресурс болуп эсептелет.

5. Билим берүү өзүлөрүнөн өзү бийликтин булагы эле болбостон, күч менен байлыктын да маанилүү компоненттеринен боло алат. Анткени ал коомдук мобилдүүлүктүн башка жолдорунан айырмаланып төмөнкү деңгээлде коомдун социоэкономикалык жана саясий чөйрөлөрүндөгү термелүүгө дуушар болот. Билим берүүнүн консервативдүүлүгү бул жаатта анын оң сапаты катары каралат дагы коомдук мобилдүүлүк факторлорунун системасындагы өзгөчө ролу “билим коомун” түзүүгө багытталган коомдун модернизациясы менен шартталган. Азыркы батыш жана россиялык изилдөөчүлөр адамдын коомдук абалынын детерминанттарын анын экономикалык статусунан билим берүүчүлүк-кесиптик деңгээлине өтүшүн баса көрсөтөт. Мындай коомдо билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн алдыңкы факторунун сапатына ээ болот.

6. Демек, эч кимге жана эч нерсеге таандык болбогон билим, ошол эле мезгилде коомдук бардык чөйрөлөрүнө кирип, адамзат ишмердүүлүгүнүн пайдубалы катары кызмат кылуу менен адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасынын функцияланышуусун камсыз кылат. Демек, ылайыктуу билим берүүчүлүк жана кесипкөйлүк деңгээлдин болуу шартында коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылган социалдык көрүнүштөрдүн дараметин жүзөгө ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жөндөмдүүлүгү катары маңыздык мүнөзгө ээ. Бирок коомдун жана анын бардык чөйрөлөрүнүн абалынан, анын ичинде коомдук мобилдүүлүктүн, о.э. субъективдик факторлордун айкалышынан болгон көз карандылык аталган сапаттагы билим берүүнүн дараметинин жүзөгө ашырылуусун кыйындатат.

Жыйынтыгында билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн күчөтүүсүн анализдөө концептуалдык-методологиялык деңгээлде түзүлөт жана анын маңызына, коомдук функцияларына баштапкы ой жүгүртүлөт, андан кийин азыркы коомдогу билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметин оптималдаштырууга багытталган бир катар тажрыйбалык сунуштамалар калыптандырылат.

7. Изилдөөнүн натыйжасында билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары заманбап коомдо диссертациянын жазылуу жүрүшүндө ачылып берилди, андан аркы иштеп чыгууну талап кылган, бирок изилдөөнүн тандалып алынган темасынан сыртка чыкпаган бир катар маселелерди калыпка салууга болот. Демек, билим берүү заманбап кыргыз коомундагы адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары кошумча изилдөөнү талап кылат. Билим берүүнүн актуалдуулугу андагы болуп жаткан социомаданий трансформациялардын спецификасы менен шарталып, ага негизделген коомдогу мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрдү дагы максаттуу изилдөө олуттуу мааниге ээ. Изилдөөнүн предмети менен объектисинин алкагындагы маселе заманбап коомдогу билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметинин субъективдүү

компонентин, адамдын билим берүүчүлүк муктаждыктарын кылдат изилдөөнү билдирет. Аталган маселелерди чечүү диссертациянын темасынын иштелип чыгуусунун кийинки этаптарында жүзөгө ашырылат.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**


1. Туратбек кызы Ж. Политическая культура и идеологические процессы [Текст] / Ж. Туратбек кызы, Мааткеримов Б.А. // Гуманитарные проблемы современности. Вестник НАН КР ИФиППИ. Выпуск 12 - Бишкек, 2010. С.420 - 428.
2. Туратбек кызы Ж. Проблемы и перспективы развития семьи и форм брачных отношений в современном обществе [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Вестник КГУСТА им. Н.Исанова № 1 (31) - Бишкек, 2011. С.236-240. ISSN 1694-5298.
3. Туратбек кызы Ж. Келечектеги мугалим катары студенттердин таанып - билүү активдүүлүгүн түзүүнүн психологиялык – педагогикалык аспектилери [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына Выпуск 1. - Бишкек, 2013. 359-363-б. ISBN 5-658-00810X
4. Туратбек кызы Ж. Социально-педагогическая инноватика и проектная деятельность в молодежной работе [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Гуманитарные проблемы современности. Вестник НАН КР ИФиППИ. Част 2 Выпуск 18. - Бишкек, 2013. С.332-337. ISSN 1694-5824.
5. Туратбек кызы Ж. Влияние международных молодежных движений на молодежь Кыргызстана [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына Выпуск 4.- Бишкек, 2014. С. 243-247. ISBN 9967-21533X
6. Туратбек кызы Ж. Формирование позновательной активности будущих учителей средствами медиатехнологий [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Международная летняя научная школа «Современные информационные и коммуникационные технологии (ИКТ) по отраслям применения». Сборник избранных трудов - Астана, 2015г.С.167-170. ISBN 978-9965-31-709-5.
7. Туратбек кызы Ж. Роль образования в активизации социальной мобильности личности [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Сборник статей по материалам XLVII Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории». – № 2 (42). – М., Изд. «Интернаука», 2016. С. 25-29. ISSN 2309-2211.

8. Туратбек кызы Ж. Проблемы исследования образования как фактора социальной мобильности [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Сборникстатейпо материалам XLVIII Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории». – № 3 (43). – М., Изд. «Интернаука», 2016.С. 78- 84. ISSN 2309-2211.
9. Туратбек кызы Ж. Азыркы коомчулуктагы инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздандыруудагы билим берүү [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына - Бишкек, 2016. 433-436-б. ISBN 9967-21533X
10. Туратбек кызы Ж. Коомдогу заманбап билим берүүнүн социалдык мааниси жана анын ролу [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Научных журналов . «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» - Бишкек, 2016. 133-136-б. ISSN 1694-7649.
11. Туратбек кызы Ж. Коомдогу инсандын мобилдүүлүгүн камсыздандыруудагы билим берүүнүн ролун жогорулатуунун шарттары [Текст] / Ж. Туратбек кызы // Научных журналов «Известия ВУЗов Кыргызстана» - Бишкек, 2016. 110-113-б. ISSN 1694-7681.

**Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» аттуу диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** билим берүү, феномен, социалдык мобилдүүлүк, коом, оптимизация, инсан, детерминизм, индетерминизм, статус.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп билим берүү социомаданий кубулуш катары эсептелет, ал эми **предмети** катары азыркы коомдогу инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздоочу фактору билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн (формалары-түрлөрү) анализдөө саналат.

**Изилдөөнүн максаты** болуп бүгүнкү күндүн коомдук түзүлүшүндөгү адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизи катары каралуучу билим берүүгө соицалдык - философиялык рефлексия эсептелет.

**Изилдөөнүн алынган жыйынтыктарынын практикалык мааниси** изилдөөнүн материалдары коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары каралуучу билим берүү феномени маселеси боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, мамлекеттик башкаруу, социалдык философия ж.б. предметтер боюнча ЖОЖдо лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулуусунда турат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары талдоого алуу маселесинин муктаждык катары аныктоо эсептелет.

Илимий жанылыктын конкреттүү элементтерине төмөндөгүлөрдү киргизсек болот:

- билим берүү феноменинин жеке концептуалдуу негизин, анын коомдук маани-маңызын ачып берүү аракети көрүлүп, социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду аныкталды;
- социофилософиялык концепцияларды натыйжасында инсандын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири катары билим берүү системасы экендигин далилдөө;
- социогуманитардык илимдердин контекстинде колдонулуучу категориялардан болуп эсептелген билим берүүнүн социалдык мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы анын трансформацияланышы жана өзгөчөлүгү көрсөтүлдү;
- инсандын социалдык мейкиндиктеги орун которууларын камсыз кылган максаттуу билим берүүнүн субъективдүү жана объективдүү факторлору аныкталды;
-заманбап коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негизде мүнөздөлдү.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүдө, билим берүү программаларынын жана улут аралык процесстердин концепцияларын иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Туратбек кызы Жазгуль на тему: «Феномен образования как фактор социальной мобильности», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия**


**Ключевые слова:** образование, феномен, социальная мобильность, общество, оптимизация, личность, детерминизм, индетерминизм, статус.

**Объектом исследования** является система образование как социокультурный феномен, а **предметом исследования** выступает анализ возможностей (форм, видов) образования как важнейшего фактора социальной мобильности личности в современном обществе.

**Целью диссертационной работы** исследования является социально-философская рефлексия образования как основопологающего фактора социальной мобильности личности в современном социуме.

**Практическая значимость полученных результатов исследования** заключается в том, что материалы исследования по проблемам феномена образования (как фактора социальной мобильности) могут быть использованы при подготовке специальных курсов, чтении лекций, проведении семинарских занятий по политологии, государственному управлению, социальной философии и другим дисциплинам в ВУЗах.

**Научная новизна** является рассмотрение проблемы феномена образования как фактора социальная мобильности.

К элементам научной новизны можно отнести и следующее:

- предприняты попытки раскрыть концептуальные основы феномена образования и его общественное значение;
- определено сущность и место образования в системе факторов социальной мобильности;
- показаны особенности и трансформация образования как категории, функционирующая в контексте социогуманитарных наук и его место в реализации социальной мобильности;
- определены объективные и субъективные факторы целевого образования, обеспечивающие активность личности в социальном пространстве и времени;
- охарактеризованы на научной основе комплексы теоретических и практических условий и возможности образования, повышающие уровень мобильности в современном обществе.

**Область применения.** Итоги исследования могут быть применены в процессе совершенствования законов в области образования, разработке концепций образовательных программ и национальных процессов.

## RESUME

**Dissertations of Turatbek kizi Jazgul on a theme: the "Phenomenon of education as a factor of the social mobility" presented on the competition of graduate degree of candidate of philosophical sciences on speciality 09.00.11 is social philosophy**

**Keywords:** education, phenomenon, social mobility, society, optimization, personality, determinism, indeterminism, status.

**A research object** is education as sociocultural phenomenon, and features (forms-kinds) come forward the article of research educations providing social mobility of personality in modern society.

**The aim of dissertation work** is a socially philosophical comprehension on education examining as a factor of social mobility of man is in the public structure of today.

**Practical meaningfulness** of the got results of research consists of application of research materials in reading of lectures and realization of seminar employments in Institutions of higher learning on the articles of political science, social philosophy of and other, to preparation special of courses on the problems of the phenomenon educations examining as a factor of social mobility.

**A scientific novelty** is related to raising of problem of analysis of the phenomenon of education as social mobility.

The certain elements of novelty consist of the following:

- public nature, the place of education in the system of factors of social mobility;

- the study of the place of education in the system of factors of social mobility, analyzing sociophilosophical concepts disclosed the content of education as a factor for social mobility of the individual;

-shows the effect of education on the implementation of social mobility is one of the categories used in the context of the social Sciences and Humanities;

-defined subjective and objective factors of education, it is advisable to ensure lichnochti move in the social space;

-the characteristic of the scientific basis of the complex theoretical and practical terms of education opportunities, povyshauschie mobility in contemporary public memory device.

**Application domain.** Research results can be applied in the process of perfection of laws in area of, development of conceptions of the educational programs and national processes education.